КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Сектор делопроизводства
и контроля исполнения
Министерства здравоохранения
Кыргызской Республики
кириш
вход. № 464
на б. тиркеме л. прилож. б. л.
"03" 08 2017 ж.г.

мз

**Дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды жүгүртүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

2017-жылдын 21-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., № 2, 77-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 93-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«93-статья. Дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө белгиленген тартипти, талаптарды, эрежелерди бузуу

Дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө белгиленген тартипти, талаптарды, эрежелерди бузуу, –

жарандарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн элүү өлчөмүндө, кызмат адамдарына – эсептешүү көрсөткүчүнүн токсон өлчөмүндө, юридикалык жактарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн төрт миң өлчөмүндө административдик айып салууга алып келет.»;

2) Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы 93$^{1}$-статья менен толукталсын:

«93$^{1}$-статья. Медициналык буюмдарды колдонуунун жагымсыз кесепеттери жөнүндө маалыматтарды бербей коюу же маалыматтарды жашыруу

Адамдарга алардын кесиптик ишинде белгилүү болгон медициналык буюмдарды колдонууда адам өлүмүнө, оорусуна же адамдын организминин травмасына, адамдын организминин түзүлүшүнүн же функциясынын бузулушуна, медициналык, анын ичинде хирургиялык кийлигишүүгө, түйүлдүктүн функциялык бузулууларына, анын өлүмүнө, тубаса

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в некоторые законодательные акты по вопросам обращения лекарственных средств и медицинских изделий**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 21 июня 2017 года

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики об административной ответственности (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., № 2, ст. 77) следующие изменения:

1) статью 93 изложить в следующей редакции:

«Статья 93. Нарушение порядка, требований, правил, установленных в сфере обращения лекарственных средств, медицинских изделий

Нарушение порядка, требований, правил, установленных в сфере обращения лекарственных средств, медицинских изделий, –

влечет наложение административного штрафа на граждан – в размере пятидесяти расчетных показателей, на должностных лиц – в размере девяноста расчетных показателей, на юридических лиц – в размере четырех тысяч расчетных показателей.»;

2) Кодекс дополнить статьей 93$^{1}$ следующего содержания:

«Статья 93$^{1}$. Непредставление сведений или сокрытие сведений о неблагоприятных последствиях применения медицинских изделий

Непредставление сведений или сокрытие сведений лицами, которым они стали известны по роду их профессиональной деятельности, о неблагоприятных событиях при применении медицинских изделий, которые привели к смерти человека, заболеванию или травме организма человека, нарушению строения или функций организма человека, медицинскому, в том числе хирургическому вмешательству, функциональному нарушению у плода, его гибели, врожденной аномалии или родовой травме, –

аномалияга же төрөт травмасына алып келген жагымсыз окуялар жөнүндө маалыматтарды бербей коюу же жашыруу, –

жеке жактарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн сексен өлчөмүндө, кызмат адамдарына – эсептешүү көрсөткүчүнүн жүз элүү өлчөмүндө, юридикалык жактарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн бир миң өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет.»;

3) 94-статьяда:

а) биринчи абзацында «(уруксатсыз)» деген сөз алып салынсын;

б) экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«жасалган администрациялык укук бузуунун түздөн-түз предмети болуп саналган дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды конфискациялоо менен жарандарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн алтымыш өлчөмүндө, юридикалык жактарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн жети миң өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет.»;

4) 302-статьяда:

а) 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды белгиленбеген жерлерде сатуу –

администрациялык укук бузуунун түздөн-түз предмети болуп саналган дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды конфискациялоо менен жарандарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн алтымыш өлчөмүндө, юридикалык жактарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн беш миң өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет.»;

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 4-бөлүк менен толукталсын:

Ушул статьянын биринчи, экинчи жана үчүнчү бөлүктөрүндө каралган ошол эле аракеттер жашы жетпеген тарабынан жасалганда, –

ата-энелерине же аларды алмаштырган адамдарга эсептешүү көрсөткүчүнүн жетимиш өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет.»;

5) 318-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

318-статья. Дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды жарнамалоо

Саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү аткаруу бийлиги органдары тарабынан белгиленген аларды колдонуу боюнча чектөөлөр бар болгондо дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды жарнамалоо, –

жарандарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн алтымыш өлчөмүндө, юридикалык жактарга –эсептешүү көрсөткүчүнүн беш миң өлчөмүндө администрациялык айып салууга алып келет.»;



влечет наложение административного штрафа на физических лиц – в размере восьмидесяти расчетных показателей, на должностных лиц – в размере ста пятидесяти расчетных показателей, на юридических лиц – в размере одной тысячи расчетных показателей.»;

3) в статье 94:

а) в абзаце первом слово «(разрешения)» исключить;

б) абзац второй изложить в следующей редакции:

«влечет наложение административного штрафа на граждан – в размере шестидесяти расчетных показателей, на юридических лиц – в размере семи тысяч расчетных показателей с конфискацией лекарственных средств, медицинских изделий, являющихся непосредственно предметами совершения административного правонарушения.»;

4) в статье 302:

а) часть 3 изложить в следующей редакции:

«Реализация лекарственных средств, медицинских изделий в неустановленных местах –

влечет наложение административного штрафа на граждан – в размере шестидесяти расчетных показателей, на юридических лиц – в размере пяти тысяч расчетных показателей с конфискацией лекарственных средств, изделий медицинского назначения, являющихся непосредственными предметами совершения административного правонарушения.»;

б) статью дополнить частью 4 следующего содержания:

«Те же действия, предусмотренные частями первой, второй и третьей настоящей статьи, совершенные несовершеннолетним, –

влекут наложение административного штрафа на родителей или лиц, их заменяющих, в размере семидесяти расчетных показателей.»;

5) статью 318 изложить в следующей редакции:

«Статья 318. Реклама лекарственных средств, медицинских изделий

Реклама лекарственных средств, медицинских изделий при наличии ограничений по их применению, устанавливаемых органами исполнительной власти в сфере здравоохранения, –

влечет наложение административного штрафа на граждан – в размере шестидесяти расчетных показателей, на юридических лиц – в размере пяти тысяч расчетных показателей.»;

6) часть 1 статьи 508 после цифр «93,» дополнить цифрами «$93^1$,»;

7) в части 1 статьи 535 слова «частями 1 и 3 статьи 302, статьями» заменить цифрами «302,».

6) 508-статьянын биринчи бөлүгү «93,» деген цифралардан кийин «93[1],» деген цифралар менен толукталсын;

7) 535-статьянын 1-бөлүгүндө «-статьяларында, 302-статьянын 1 жана 3-бөлүктөрүндө» деген сөздөр «302» деген цифраларга алмаштырылсын.

**2-берене**

«Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 7, 229-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

255-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«255-статья. Дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды мыйзамсыз өндүрүү жана өткөрүү

(1) Дары-дармек каражаттарын, медициналык буюмдарды белгиленген талаптарды бузуу менен өндүрүү жана (же) өткөрүү, эгерде мындай иштин натыйжасында байкабастыктан адамдын саламаттыгына зыян келтирилсе –

келтирилген зыяндын ордун толтуруу менен коомдук жумуштарга тартууга же болбосо үч жылдан беш жылга чейин эркиндигин чектөөгө жазаланат.

(2) Ушул эле жосундар байкабастыктан жабырлануучунун өлүмүнө алып келсе, -

үч миңден беш миңге чейинки эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө айып салууга же үч жылдан беш жылга чейин эркиндигин чектөөгө же болбосо белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө укугунан же үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен же эки жылдан беш жылга чейинки эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**3-берене**

«Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешини Жарчысы, 2013-ж., № 9, 990-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

15-берененин 8-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«8) фармацевттик иш;».

**4-берене**

«Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., № 9, 407-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуланын 2-бөлүгүндө:

а) бөлүк «каражаттарына» деген сөздөн кийин «, медициналык буюмдарга» деген сөздөр менен толукталсын;



**Статья 2**

Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., № 7, ст. 229) следующее изменение:

статью 255 изложить в следующей редакции:

«Статья 255. Незаконные производство и реализация лекарственных средств, медицинских изделий

(1) Производство и (или) реализация лекарственных средств, медицинских изделий с нарушением установленных требований, если в результате такой деятельности был причинен по неосторожности вред здоровью человека –

наказываются привлечением к общественным работам с возмещением ущерба либо ограничением свободы на срок от трех до пяти лет.

(2) Те же деяния, вызвавшие по неосторожности смерть потерпевшего, –

наказываются штрафом в размере от трех тысяч до пяти тысяч расчетных показателей или ограничением свободы на срок от трех до пяти лет либо лишением свободы на срок от двух до пяти лет с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет.».

**Статья 3**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О лицензионно-разрешительной системе в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., № 9, ст. 990) следующее изменение:

пункт 8 статьи 15 изложить в следующей редакции:

«8) фармацевтическая деятельность;».

**Статья 4**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об основах технического регулирования в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., № 9, ст. 407) следующие изменения:

1) в части 2 преамбулы:

а) часть после слова «средства» дополнить словами «, медицинские изделия»;

б) слова «изделиям медицинского назначения,» исключить;

2) в части 2 статьи 18 слова «фармакопеи и фармакопейные статьи,» исключить.

**Статья 5**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2005 г., № 3, ст. 187) следующие изменения:

1) в статье 2:

б) «медициналык багыттагы буюмдарга,» деген сөздөр алып салынсын;

2) 18-статьянын 2-бөлүгүндө «фармакопеялар жана фармакопеялык беренелер,» деген сөздөр алып салынсын.

**5-берене**

«Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2005-ж., № 3, 187-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-статьяда:

а) статья төмөнкүдөй мазмундагы 5-бөлүк менен толукталсын:

«**Тегерегиндегилер үчүн коркунуч келтирүүчү оорулар** – кыска мөөнөттүн ичинде көп сандагы адамдардын оорул калуусуна жана (же) өлүмүнө алып келиши мүмкүн болгон оорулар.»;

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 25 жана 26-бөлүктөр менен толукталсын:

«**Социалдык маанилүү оорулар** – келип чыгуусу жана (же) таралуусу кандайдыр бир деңгээлде социалдык-экономикалык шарттарга көз каранды болгон оорулар.

**Фармацевттик иш** – дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды ташып келүүнү, алып чыгууну, сактоону, маркировкалоону, бөлүштүрүүнү, пайдаланууну жана жок кылууну кошуп алганда, дары-дармек каражаттарын жана медициналык буюмдарды өндүрүү, даярдоо, дүң жана чекене сатуу, берүү боюнча өз ара байланышкан бир же бир нече иш процесстери.»;

2) 10-статьянын 1-бөлүгүнүн онунчу абзацында «, медицина багытындагы буюмдардын жана медициналык жабдуулардын» деген сөздөр «жана медициналык буюмдардын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 13-статьяда:

а) 5-бөлүгүндө «саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 6-бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 14-статьянын 9-бөлүгүндө «саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары тарабынан» деген сөздөр «ишкердиктин субъекттерин текшерүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4

а) статью дополнить частью 5 следующего содержания:

«**Заболевания, представляющие опасность для окружающих** – заболевания, которые могут привести к заболеваемости и (или) гибели большого количества людей в кратчайшие сроки.»;

б) статью дополнить частями 25 и 26 следующего содержания:

«**Социально значимые заболевания** – заболевания, возникновение и (или) распространение которых в определяющей степени зависит от социально-экономических условий.

**Фармацевтическая деятельность** – один или несколько связанных между собой процессов деятельности по производству, изготовлению, оптовой и розничной реализации, отпуску лекарственных средств и медицинских изделий, включая ввоз, вывоз, хранение, маркировку, распределение, использование и уничтожение лекарственных средств и медицинских изделий.»;

2) в абзаце десятом части 1 статьи 10 слова «, изделий медицинского назначения и медицинского оборудования» заменить словами «и медицинских изделий»;

3) в статье 13:

а) в части 5 слова «определяемом уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения» заменить словами «установленном Правительством Кыргызской Республики»;

б) в части 6 слова «уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения» заменить словами «в порядке, установленном Правительством Кыргызской Республики»;

4) в части 9 статьи 14 слова «осуществляют местные государственные администрации, органы местного самоуправления и уполномоченный государственный орган Кыргызской Республики в области здравоохранения» заменить словами «осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики по проверкам субъектов предпринимательства»;

5) часть 2 статьи 30 изложить в следующей редакции:

«Перечень социально значимых заболеваний и заболеваний, представляющих опасность для окружающих, виды и объем медико-социальной помощи гражданам, страдающим социально значимыми заболеваниями и заболеваниями, представляющими опасность для окружающих, устанавливается Правительством Кыргызской Республики.»;

6) в статье 34:

а) в части 2 слова «определяет уполномоченный государственный орган Кыргызской Республики в области здравоохранения» заменить словами «определяется Правительством Кыргызской Республики»;

б) в части 3 слова «уполномоченным государственным органом Кыргызской Республики в области здравоохранения» заменить словами «в соответствии с законодательством Кыргызской Республики в сфере обращения медицинских изделий и в сфере по безопасности эксплуатации и утилизации машин и оборудования»;

5) 30-статьянын 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Социалдык маанидеги оорулардын жана тегерегиндегилер үчүн коркунуч келтирүүчү оорулардын тизмегин, социалдык маанидеги оорулар жана тегерегиндегилер үчүн коркунуч келтирүүчү оорулар менен жабыр тарткан жарандарга медициналык-социалдык жардамдардын түрлөрүн жана көлөмүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.»;

6) 34-статьяда:

а) 2-бөлүгүндө «тартиби саламаттыкты сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан аныкталат» деген сөздөр «тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүгүндө «саламаттыкты сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан» деген сөздөр «медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндөгү жана машиналарды жана жабдууларды коопсуз эксплуатациялоо жана утилдештирүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) 81-статьяда:

а) 7-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

б) 8-бөлүгүндө «, эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер» деген сөздөргө алмаштырылсын;

8) 84-статьяда:

а) 1-бөлүгүнүн төртүнчү абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

б) статья төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толукталсын:

«Медициналык кызматкерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте дары-дармектерге рецепт жазып берүүгө, эмгекке жөндөмсүздүгү жөнүндө маалымкат жана баракча берүүгө укуктуу.»;

9) 97-статьянын 2-бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын ченемдик укуктук актыларына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6-берене**

«Кыргыз Республикасындагы саламаттык сактоо уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин Too» газетасы, 2004-жылдын 27-августу, № 73-74) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

15-статьядагы «жөнөтүүнү» деген сөз «даярдоону» деген сөзгө алмаштырылсын.



7) в статье 81:

а) часть 7 признать утратившей силу;

б) в части 8 слова «, если иное не предусмотрено международным договором Кыргызской Республики» заменить словами «и вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика»;

8) в статье 84:

а) абзац четвертый части 1 признать утратившим силу;

б) статью дополнить частью 3 следующего содержания:

«Медицинские работники имеют право выписывать рецепты на лекарства, выдавать справки и листки о нетрудоспособности в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.»;

9) в части 2 статьи 97 слова «нормативными правовыми актами уполномоченного государственного органа Кыргызской Республики в области здравоохранения» заменить словами «законодательством Кыргызской Республики в сфере здравоохранения».

**Статья 6**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об организациях здравоохранения в Кыргызской Республике» (газета «Эркин Тоо» от 27 августа 2004 года № 73-74) следующее изменение:

в статье 15 слово «поставку» заменить словом «изготовление».

**Статья 7**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2. Правительству Кыргызской Республики в трехмесячный срок после вступления в силу настоящего Закона принять меры, вытекающие из настоящего Закона, и привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А.Ш. Атамбаев**

г. Бишкек
2 августа 2017 года
№ 167

**7-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ушул Мыйзам күчүнө киргенден кийин үч айлык мөөнөттө ушул Мыйзамдан келип чыгуучу чараларды көрсүн жана өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ
АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

Бишкек ш.
2017-жылдын 2-августу
№ 167